**Ош мамлекеттик университетинин математика жана информациялык технологиялар факультетинин МИОТжББМ кафедрасы**

*10-январь, 2023-жыл*

"Физика-математикалык билим берүү" программасын окутуунун натыйжалары жана аларга жетишүүнүн жолдору" темасындагы **тегерек столдун**

# ТОКТОМУ

**Катышкандар: 221 адам (Тизме тиркелет)**

**Күн тартиби:**

1. **Тегерек столдун темасы, максаты жана милдеттери, жүрүшү менен тааныштыруу:** МИТ факультети МИОТжББМ кафедрасынын башчысы п.и.д., профессор А. О. Келдибекова.
2. **"Физика-математикалык билим берүү" магистрдик программасы боюнча маалымат берүү:** (ФМББ магистрдик программасынын жетекчиси п.и.д., профессор А. О. Келдибекова, МИОТжББМ кафедрасынын доценти Д. Ч. Култаева, МИОТжББМ кафедрасынын ага окутуучусу У. Б Тагаев., МИОТжББМ кафедрасынын ага окутуучусу З. М. Садыков., МИОтжББМ кафедрасынын окутуучусу Мамыргазы кызы К.

**Секцияларда иштөө:**

1. "Физика-математикалык билим берүү" магистрдик программасынын окуу планындагы дисциплиналардын актуалдуулугун талкуулоо.
2. Тегерек столдун катышуучуларынан анкета, интервью алуу.
3. Жыйынтыктоо, чечимдерди кабыл алуу

**Угулду:**

1. Тегерек столду ачуу үчүн МИТ факультети МИОТжББМ кафедрасынын башчысы п.и.д., профессор А. О. Келдибекова сөз сүйлөдү: "Физика-математикалык билим берүү" магистрдик программасынын сапатын жогорулатуу үчүн жолугушуп жатабыз. "Физика-математикалык билим берүү" магистрдик программасынын сапатын жогорулатуу менен келечектеги кадрлардын билгичтигин, практикалык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрө алабыз. Тегерек столдун ишине ийгилик каалайм.
2. МИТ факультетинин МИОТжББМ кафедрасынын ага окутуучусу У. Б Тагаев жолугушуунун максаты жөнүндө сөз сүйлөдү: Максат кызыктар тараптардын талаптары орундала тургандай кадрларды даярдоо. Кемчиликтер болсо айтсаңыздар, биз ошону жоёлу. Ош МУда математика жана информатика адистерин даярдоодо сиздердин сунуш-пикирлериңиздерди камтыйбыз.
3. МИТ факультетинин МИОТжББМ кафедрасынын доценти Д. Ч. Култаева "Физика-математикалык билим берүү" багытынын негизги билим берүү программасы (НББП), компетенциялар, программадан күтүлүүчү окутуунун натыйжалары боюнча кеңири маалымат берди.
4. МИТ факультетинин МИОТжББМ кафедрасынын ага окутуучусу З. М. Садыков өз сөзүндө стейхолдерлердин сунуш-пикирлери бизге маанилүү экендигин, орто жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандарты математика жана информатиканы

Сканировано с CamScanner

окутуунун эксперименталдык жагы боюнча көйгөйлөр жана алардан чыгуу жолдору жана CLIL методу боюнча да сунуштарды айтты.

5. МИТ факультетинин МИОтжББМ кафедрасынын окутуучусу Мамыргазы кызы К. "Физика-математикалык билим берүү" магистрдик программасынын окуу планындагы дисциплиналардын жана практикалардын максаттары, милдеттери боюнча маалымат берди. Иш берүүчүлөрдүн сунуш-пикиринин негизинде окуу пландагы дисциплиналар жана алардын көлөмдөрүн өзгөртүүгө болоорун айтты.

**Секциялык иштер**

Баш сөздү ФМББ магистрдик программасынын жетекчиси п.и.д., профессор А. О. Келдибекова сүйлөп слайддар аркылуу окуу планы, окутуудан күтүлүүчү натыйжалар кошумча компетенциялар, тандоо курстары жана аккредитация боюнча түшүндүрмө берди.

Ага окутуучу Садыков З.М.: Сиздерде кандай проблемалар бар?

**№42 Керме-Тоо атындагы мектеп гимназиясынын** мугалими төмөнкүдөй суроосун берди: Учурда орус тилдүү математика жана информатика тайпасы барбы?

**Жооп:** 2022-2023-окуу жылында ФМББ багытынын 1- курстарынын 1 группасы ФМОМ(б)-2-22(Р) тайпасын окутуп жатабыз.

Тегерек столдун жүрүшүндө потенциалдуу иш берүүчү жана бүтүрүүчүлөрдү тандоо жүргүзүлдү жана мындан аркы иш-аракеттер макулдашылды.

***Чечим:***

1. Дисциплинасын окутууда орто билим берүүнүн жаңы стандартынын талаптарына ылайык сабактын методикалык жабдылышын (план-конспект, сабактын анализи, ИКТны пайдалануу ж.б.) күчөтүү жагы эске алынсын.
2. "Физика-математикалык билим берүү" багыты боюнча сапаттуу кадрларды даярдоо максатында потенциалдуу иш берүүчү жана бүтүрүүчүлөр менен болгон байланыштар күчөтүлсүн.

10/I-2023.

МИОТжББМ кафедрасынын
башчысы, п.и.д., профессор — А. О. Келдибекова

Катчы — Мамыргазы кызы К.

Сканировано с CamScanner